Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Б. ДЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, ЭТНОЛОГИЯ ЖАНА АРХЕОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**Д 07.23.671 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

***Кол жазма укугунда***

**УДК: 947. 1/9 (575.2)**

**Курманалиев Кубатбек Аманович**

Wondershare PDFelement

# КЫРГЫЗСТАНДЫН XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ АДМИНИСТРАТИВДИК-АЙМАКТЫК ТҮЗҮЛҮШҮ

**07.00.02 – Ата Мекен тарыхы**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2024**

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жалпы тарых жана социалдык-экономикалык билимдерди окутуу кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи**: **Усупова Назира Станбековна**
тарых илимдеринин доктору, доцент, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жалпы тарых жана социалдык-экономикалык билимдери окутуу кафедрасынын профессору

**Расмий оппоненттер:**

Wondershare PDFelement

**Жетектөөчү мекеме:**

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

**Диссертацияны темасынын актуалдуулугу.** Кыргызстандын XX кылымдын баш чениндеги тарыхы ири окуяларга өтө бай мезгил болуп саналат. Ал адамзаттын тарыхын өзгөрткөн, азыркы цивилизациялык өнүгүүнүн негизин түзгөн глобалдуу масштабдагы окуялар менен байланышкан. Тарыхый процесстерди концептуалдуу түшүнүү, аны кыргыз коомунун өнүгүүсүнүн реалдуу жыйынтыктарын, азыркы мезгилдин маанилүү маселелери менен салыштыруу иликтөөнүн өзөгүн түзөт.

Бүгүнкү күндө объективдүү талдоону талап кылган актуалдуу маселелердин бири – кыргыз элинин адегенде автономиялуу област, автономиялык, андан кийин союздук республика статусундагы мамлекеттүүлүгүнө ээ болуу маселеси жана мамлекеттүүлүк мезгилиндеги Кыргызстандын административдик түзүлүшү. Биринчиден, 1991-жылы мамлекеттик суверенитетти алуу үчүн укуктук негиз болуп калган ырааттуу кадамдар эле. Экинчиден, эгемендик алгандан бери 30 жылдан ашык убакыт өтсө да, Кыргызстанда улуттук-мамлекеттик түзүлүштүн эң татаал процесстери аягына чыга элек, муну Кыргызстандын Негизги Мыйзамына киргизилген бир катар өзгөртүүлөр жана толуктоолор далилдеп турат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин “2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын өнүктүрүүнүн Улуттук программасында” административдик – аймактык түзүлүштү реформалоо артыкчылыктуу багыттардын бири катары аныкталган. Анда азыркы учурда региондорду өнүктүрүүдө чоң диспропорциялар, башкаруу деңгээлдеринин ортосунда башкаруучулук ажырым, региондор аралык байланыштын начардыгы, ресурстардын борбордо топтолушу жана региондордун декапитализациясы белгиленген.

Административдик-аймактык түзүлүштү реформалоонун негизги багыты Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүнүн жаңы модели эки курамдык бөлүктү: бийликтин натыйжалуу вертикалын түзүүгө мүмкүндүк берүүчү мамлекеттик башкаруунун жаңыланган системасы, башкаруу системасын реформалоону ишке ашырууга мүмкүндүк берүүчү жаңы административдик-аймактык бөлүүнү камтылгандыгы. XX кылымдын башындагы бул системанын калыптанышынын тарыхый тажрыйбасын изилдөө жана пайдалануу бул маселени чечүүнүн натыйжалуу жолдорунун бири болуп саналат.

Диссертацияда ушул көйгөйлөрдү эске алуу менен административдик түзүлүштүн тарыхын изилдөөгө аракет жасалган. Мына ушул актуалдуу көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдорунун бири - мамлекетти түзүүнүн алгачкы кадамдарын үйрөнүүнүн бай тажрыйбасын аныктоо жана пайдалануу болуп саналат.

*Изилдөөнүн хронологиялык алкагы*, изилдөөнүн объектисине ылайык, XX кылымдын 20-30-жылдарындагы аралыкты камтыйт.

**Диссертациянын темасы ири илимий багыттар, программалар жана негизги илимий иштер менен байланышы.** Диссертациялык иш демилгелүү эмгек болуп саналат.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Изилдөөнүн максаты – Совет доорунун алгачкы жылдарындагы улуттук мамлекеттүүлүктүн калыптанышындагы административдик-аймактык түзүлүштүн тарыхын изилдөө.

Изилдөөнүн максатына жетүүдө төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлду:

1. Диссертациялык иште талдоого алган проблемага көңүл бурган тиешелүү илимий адабияттарды аныктоо.

2. Диссертациялык иштин темасын ачып берген жана толуктаган булактарды аныктоо жана талдоо.

3. Илимий иште көйгөйлөрдү объективдүү жана илимий түрдө кароого мүмкүндүк берген изилдөөнүн принциптерин жана методдорун талдоо.

4. Россиялык империянын курамындагы Кыргызстандын аймактык түзүлүшүнүн өзгөчүлүктөрүн аныктоо.

5. 1918-1924-жылдардагы Кыргызстандагы аймактык башкаруунун формаларын жана ыкмаларын талдоо.

6. Кыргызстандын аймагындагы жаңы уездик түзүүнүн себептерин аныктоо жана алардын ишмердүүлүгүнө талдоо жүргүзүү.

7. Орто Азия элдеринин улуттук мамлекеттик бөлүштүрүүнүн саясий өбөлгөлөрүн аныктоо.

8. Кара-Кыргыз автономиялуу областын түзүүдө жана анын административдик-аймактык бөлүнүшүн калыптандыруудагы саясий ишмерлердин ролун аныктоо.

9. Административдик-аймактык түзүлүштүн кантондук системасына өтүүнүн себептерин жана натыйжаларын ачып берүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**:

– мурда жарыяланган эмгектердин, архивдик жаңы маалыматтардын негизинде Кыргызстандын Түркстан АССРнин курамындагы аймактык түзүлүшү такталды;

– Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун административдик-аймактык түзүлүшүнүн калыптануу процесстери жана этаптары такталды;

– изилденип жаткан мезгилдеги Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүнүн тез-тез өзгөрүшүнүн себептери аныкталды;

– Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдардагы административдик аймактык түзүлүшүнө байланыштуу архивдик документтер алгачкылардан болуп илимий диссертациянын деңгээлинде изилденди жана илимий айлампага киргизилди;

– XX кылымдын административдик аймактык түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү, багыттары, натыйжалары келечектеги модели үчүн төмөнкүдөй принциптүү жоболор белгиленди: 1) мамлекеттик башкарууну топтоону азайтуу; 2) жаңы административдик чектерди анын факторлору менен байланыштырып, экономикалык өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруу; 3) жаңы административдик-аймактык бирдиктерге ылайык социалдык-экономикалык өнүгүү маселелерин чечүү;

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий теориялык жана практикалык мааниси:** Илимий изилдөөнүн материалдары жана корутундулары Кыргызстандын коомдук-саясий тарыхын, анын административдик-аймактык түзүлүшүнүн тарыхын, башкаруу системасын толуктоого жардам берет. Аныкталган жана илимий жүгүртүүгө киргизилген архивдик материалдар өлкөбүздүн тарыхынын булак базасын толуктайт.

Диссертациялык иштин натыйжалары учурдагы Кыргыз Республикасында административдик түзүлүштү реформалоо жолунда бир нече аспектилерди эске алына турган көрсөтмө катары колдонсо болот.

Мындан тышкары диссертациянын материалды окуу жайларында Кыргызстандын тарыхын окутуу практикасында колдонууга болот.

**Диссертациянын коргоо боюнча негизги жоболору:**

1. Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүнүн тарыхы Орус империясынынын курамына кирген мезгилден башталат. Ошол мезгилде азыркы Талас областынын аймагы Сыр-Дарыя областынын Олуя-Ата уездинин бир бөлүгү болгон, Чүй өрөөнү Пишпек уезди, Ысык-Көл областы Пржевальск уезди деп аталган, Кыргызстандын түштүк-батыш аймагы Самарканд областынын Хожент уездине, түштүк аймагы Түркстан крайынын Фергана областынын курамына кирген. Ошентип, Кыргызстандын аймагы крайдын областарына жана уезддерине бөлүнүп калган.

2. Административдик-аймактык түзүлүштү түзүүдө, падышачылык кош максатты көздөгөн. Биринчиден, бул реформалар жергиликтүү манаптардын, бийлердин, байлардын абалын акырындык менен алсыратууга багытталган. Бул аларды мурастык бийликтен ажыратуу жана алардын аракеттерин катуу мыйзамдар менен чектөөнү билдирген. Экинчиден, бийлик “бөлүп ал да, бийле” принцибинин негизинде уруулук бирикмелерди бөлүп, жаңы болосторду, кыштактарды түзгөн.

Ошентип, Россия империясынын курамындагы Кыргызстандын аймагын административдик жактан бөлүштүрүү кыргыз элинин экономикалык, саясий жана улуттук кызыкчылыктарына туура келбеген.Падышачылык бийлик өз саясатын жүргүзүүдө биринчи кезекте Россия империясынын жана падышалык казынанын кызыкчылыгын көздөгөн.

3. 1918-жылы Совет бийлиги орногондон кийин азыркы Кыргызстандын аймагы Түркстан АССРнин курамына киргизилген. Түркстанда узак убакыт бою падышачылык тарабынан түзүлгөн аймактык бөлүнүү сакталып турган. Бирок бул административдик-аймактык түзүлүш социалдык-экономикалык кайра курууларды ишке ашырууну кыйындаткан, ага байланыштуу 1920-жылы эле Орто Азияны улуттук-аймактык бөлүштүрүү, ошону менен бирге өз алдынча автономия түзүү маселеси коюлуп келген.

4. 1920-жылы эл каттоо жүргүзүлүп, анын жүрүшүндө экономикалык маалыматтар менен бирге улуттук-этникалык курамы жөнүндө белгилүү бир түшүнүк алынган. Кээ бир болосттордо (Фергана өрөөнүнүн болосттору жана бир катар башка болосттор) ар кандай себептерден улам эл каттоо жүргүзүлгөн эмес.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Тилекке каршы, бул эл каттоо аймактагы иштин чыныгы абалын көрсөткөн жок. Улуттун аныктамасын ар кандай чечмелөөгө жол берилип, бир катар учурларда Түркстандын улуттук курамы жөнүндөгү маалыматтар атайылап бурмаланган. Маселен, Өзбекстандагы эл каттоочуларга "сарт" деген аталышты "өзбек" деп өзгөртүүгө буйрук берилген.

Мындан тышкары, көп учурда кыргыздар менен казактар бир графага (казактар) киргизилип, кыргыздардын санын бир топ кыскарткан.

Бул көрүнүштүн негизги себептери калктын көпчүлүгүнүн киргизилген улут түшүнүгүн билбегендиги, тургундардын сабатсыздыгы, уруулук калдыктардын сакталышы ж.б.у.с. Кыргыздардын бир кыйла бөлүгү өздөрүн уруулук мүнөзүнө жараша аташкан. Натыйжада, бул каталар 1920-жылдагы эл каттоодо бир топ так эместиктерге алып келген.

5. XX кылымдын 20-30-жылдарында кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшү өлкөнүн коомдук-саясий турмушундагы эң маанилүү окуя болуп калды. Ал жергиликтүү деңгээлде мамлекеттик бийликти уюштуруунун эффективдүү формаларын калыптандырууга, мамлекеттик башкаруу системасын өркүндөтүүгө гана эмес, ошондой эле коомдук турмуштун бардык чөрөлөрүндөгүу прогрессивдүү практикалык кайра түзүүлөрдүн негизин түздү.

6. ККАОну түзүүдө административдик түзүлүш маселеси райондук жана уездик-волосттук бөлүнүштөрдүн пайдасына чечилген, анын себептери географиялык-климаттык шарттарды, ошондой эле экономикалык факторлорду, мисалы, көчмөн жана отурукташкан райондордо соода байланышын эске алуу болгон. Ошону менен бирге округдук-райондук-волостук жана уездик-волосттук бийликтерди кармоого да чыгашалар каралган.

7. Волосттун автономиялуу республикага айланышы бийликке түпкүлүктүү жана жергиликтүү калкты мамлекеттик ишке тартуу боюнча жаңы милдеттерди койгон. Мындан тышкары жер маселеси, жайыттарды пайдалануу көйгөйлөрү курч болду. Ушуга байланыштуу кантондук бөлүнүү жөнүндө чечим кабыл алынган, анткени бул учурда этникалык азчылыктар өз алдынча башкаруу укугуна ээ болушу мүмкүн. Мындан тышкары, экономикалык түзүлүш, экономикалык байланыштар жана табигый-географиялык шарттар да эске алынган. Натыйжада 7 кантон түзүлүп, алар 52 волостко жана 455 айылдык кеңешке бөлүнгөн.

8. Жаңы волосторду уюштуруу жана административдик түзүлүштүн кантондук системасына өтүү процессинде областтык райондоштуруу комиссиясы айрым волосттор боюнча такталбаган, эскирген маалыматтарды көп колдонгон. Ошентип, Каракол-Нарын районунун так чек араларынын чиймелери болгон эмес.

Ош округунда ар кандай себептерден (карталардын жана башка документтердин жоктугунан) райондоштуруу боюнча кызматкерлер кээ бир волосттордун болжолдуу административдик чектерин дагы белгилей алган эмес. Мамлекеттик түзүлүштүн кызыкдар тараптары менен алдын ала атайын

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

келишим түзүлбөгөндүктөн Өзбекстан менен талаштуу аймактардын конкреттүү жайгашкан орду аныкталган алган эмес.

9. 1928-жылы волосттук бөлүнүштөн райондук бөлүнүүгө өтүү башталган. 1929-жылга карата Кыргыз АССРинин аймагы 1 округ, 5 кантон, 13 район, 29 волостко жана 441 айылдык кеңешке бөлүнгөн.

Бирок 1930-жылы кантондук бөлүнүш жоюлуп, Кыргыз АССРинин аймагы райондорго, алар айылдык кеңештерге бөлүнгөн.

Биздин оюбузча, административдик-аймактык түзүлүштүн мындай тез-тез өзгөрүшү бийликтин Кыргызстандын аймактарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн бардык өзгөчөлүктөрүн толук эсепке албастан, бул маселеге үстүртөн мамиле кылганынан улам келип чыккан. Бул тажрыйбаны, каталарды жана кемчиликтерди Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүн реформалоонун заманбап процесстеринде эске алуу өтө маанилүү.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**: Диссертациянын темасы боюнча архивдик материалдар аныкталып, алардын айрымдары илимий чөйрөгө биринчи жолу киргизилди. Мындан тышкары, каралган мезгилдеги административдик-аймактык түзүмүнүн калыптануу процесстеринин этаптары аныкталып, алардын тез-тез өзгөрүшүнүн себептери аныкталды.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын апробацияланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн айрым жыйынтыктары, маанилүү сунуштары эл аралык жана республикалык илимий-теориялык жана илимий-практикалык конференцияларда апробацияланды.

**Диссертациянын илимий жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу:** диссертациянын негизги жоболору жана корутундулары Ата мекендик жана чет элдик жыйнактарда 8 макала жарык көргөн, анын ичинде 2 макала РИНЦ системасына кирет.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү**. Диссертация киришүүдөн, төрт баптан жана он эки бөлүмдөн, алардан келип чыккан тыянактардан, жалпы корутундудан, адабияттардын тизмесинен, тиркемелерден турат. Диссертациянын жалпы көлөмү 172 бет.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты жана милдеттери аныкталып, изилдөөнүн жаңылыгы, практикалык жана илимий мааниси, коргоого коюлуучу негизги сунуштар, изденүүчүнүн жеке салымы жана диссертациянын апробацияланышы, түзүмү жана көлөмү берилген.

Биринчи бап **"Изилдөөнүн тарыхнаамэси жана теориялык-методологиялык негиздери"** деп аталып, эки параграфтан турат. Алардын биринчисинде диссертациянын темасы боюнча илимий адабияттар каралат, алар хронологиялык басылма боюнча үч топко бөлүнөт: 1) совет бийлигине чейинки мезгилде жарык көргөн эмгектер 2) советтик мезгилдеги басылмалар 3) постсоветтик мезгилдеги монографиялар.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

**Биринчи топтогу** эмгектерде  Россия империясынын колониялык саясаты чагылдырылган. Аларда административдик структуранын калыптанышынын шарттарын жана максаттарын, анын түпкү калктын турмушуна тийгизген таасирин изилденген.  Буга В.В.Бартольддун, Г.Бройдонун В.Вербовскийдин В.А.Васильевдин эмгектери кирет. Албетте, жаңы административдик түзүлүштүн терс көрүнүштөрү бул эмгектерде чагылдырылган эмес, анткени авторлор падышалык бийликтин кызыкчылыгын карманышкан, бирок аларда камтылган фактылар бул изилдөө үчүн кызыгууну жаратат.

**Экинчи топко** совет доорунда жарыяланган изилдөөлөр кирет. Бул топтогу жакынкы чет өлкөлүк мамлекеттердин окумуштууларынын эмгектеринде XX кылымдын башындагы Орто Азиядагы улуттук мамлекетке бөлүштүрүү, административдик түзүлүш жана башкаруу апараттарынын ишмердүүлүктөрү берилген. Буларга Т.Рыскулов, Д.Л. Златопольская, Ш.З. Уразаева, Е.Воскобойникова, Х.Турсунованын эмгектери саналат. Маселен, Т.Рыскулов падышалык империянын административдик колониялык саясаты түпкүлүктүү калкка каршы багытталгандыгын белгилейт.

Ушул эле проблемага кыргыз окумуштууларынын изилдөөчүлөрү - А.Г. Зима, О.Акылбеков, Ж.Малабаев, С.М. Кенжебаев, Р.Тургунбеков, К.Нурбекова, А.Юнушев, И.А. Фатьянов ж.б. эмгектерин кошсок болот.

Бул эмгектердин бардыгы Совет бийлигинин мамлекеттик органдарын түзүүдөгү большевиктер партиясынын ишмердигине жогорку баа берүү менен айырмаланат. Ушуга байланыштуу алар изилденип жаткан темага бир жактуу мамиле кылуу менен мүнөздөлөт, каралып жаткан мезгил ичинде үстөмдүк кылган идеология менен негизделет. Бирок бул эмгектерде биз таяна турган көптөгөн фактылар бар.

Кыргызстандын эгемендүүлүккө ээ болушу менен өлкөнүн тарыхынын көптөгөн көйгөйлөрүн, анын ичинде мамлекеттүүлүктү өнүктүрүүнү кайра карап чыгуу жана баалоо этабы башталып, анын натыйжасында бир катар жамааттык эмгектер, монографиялар жарык көргөн. Алар диссертациянын темасын тигил же бул даражада кароодо изилдөөлөрдүн **үчүнчү тобуна** кирет.

Постсоветтик мезгилде жарык көргөн илимий адабияттарда диссертациялык иште талкууланган теманын ар кыл аспектилери чагылдырылган. Аларда олуттуу фактылык материалдар бар, алардын бир катарларында Кыргызстандын аймагындагы райондоштуруу жана административдик-аймактык түзүлүштү түзүү учурунда советтик органдар тарабынан жол берилген кемчиликтердин себептерин аныктоо аракети жасалган. Бул монографиялардын ичинен А.Жуманалиевдин, З.Курмановдун, А.Койчиевдин, Ж.Жунушалиевдин, А.Тузовдун ж.б.эмгектерин белгилөөгө болот.

Ошону менен бирге, XX кылымдын башындагы Кыргызстандын тарыхый абалы жана административдик-аймактык түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөр ошол мезгилге чейин өз алдынча изилдөөнүн объектиси катары карала электигин белгилей кетүү керек.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Ушул эле бапта изилдөөнүн объекти, предмети жана методологиясы көрсөтүлөт.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси** – Кыргызстандын XX кылымдын башындагы административдик-аймактык түзүлүшү.

**Изилдөөнүн предмети:** Аталган мезгилдеги Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүндөгү бийлик тарабынан жүргүзүлгөн өзгөрүүлөр жана алардын натыйжалары.

Ар бир илимий изилдөө өзүнүн принциптерине негизделет жана бир катар жалпы илимий жана атайын илимий методдорду колдонуу менен жүргүзүлөт. Коомдук илимдер үчүн негизгилери - тарыхыйлык жана илимий объективдүүлүк принциптери. Аларды колдонуунун натыйжалуулугу тарыхый фактыларды объективдүү кароого мүмкүндүк берүүчү изилдөө предметинин мүнөзүнүн аны изилдөө этаптарына ылайык келиши менен аныкталат. Бул методологиялык принциптер эмгектин негизин түзгөн.

Тарыхыйлык принциби диалектикалык логиканын жоболоруна негизделет жана конкреттүү тарыхый кырдаалга ылайык фактыларды жана окуяларды кароону камтыйт. Эгерде Совет бийлигинин алгачкы жылдарында Кыргызстанда административдик-территориялык түзүлүштүн калыптанышынын жана өнүгүшүнө баа берүү үчүн историзм принцибине кайрыла турган болсок, анда биринчи кезекте анын алдында пайда болгон социалдык-экономикалык өбөлгөлөрдү талдап чыгуубуз зарыл. Аларга кыскача мүнөздөмө берүү менен төмөнкүлөрдү негизгилер катары карасак болот: 1) капиталисттик мамилелердин алгачкы көрүнүштөрү менен (негизинен дыйканчылык аймактарында) патриархалдык-феодалдык мамилелердин (көчмөн жана жарым көчмөн аймактарда) үстөмдүгү; 2) профессионал өнөр жай пролетариатынын иш жүзүндө жок болушу (ал 1%дан аз болгон; 3) айыл чарба аймактарынын бирдей эмес өнүгүшү; 4) ар турдүү улуттук курамы (кыргыздар, орустар, украиндер, өзбектер, дунгандар). 5) Россия империясы Кыргызстанда административдик-аймактык бөлүнүүнү түзгөнүнө карабастан уруулук бөлүнүүнүн сакталышы; 6) социалдык жактан: патриархалдык-уруулук кыргыз жамаатынын эки тапка: карапайым калкка - букарага жана «ак сөөккө» бөлүнүшү. Кыргызстанда калыптанган социалдык иерархия коомдун төмөнкү катмарынын кызыкчылыктарын олуттуу түрдө кемсинткен.

Мына ошондуктан, изилдөөдө теманын динамикасын хронологиялык тартипте, этап-этабы менен кароого мүмкүндүк берген историзм принциби мамлекеттик саясаттагы өзгөрүүлөрдү, ошондой эле социалдык-экономикалык чөйрөдө пайда болгон актуалдуу көйгөйлөрдү жыйынтыктоого мүмкүндүк берет. ККАОну өнүктүрүү, административдик-аймактык түзүлүштөгү кайра курууну талап кылган ар кандай милдеттер бышып жетилген сайын, аларга өз убагында бийлик тарабынан чара көрүүгө умтулуп жатканын ачык көрсөтөт.

Бул принцип кубулуштарды, окуяларды бири-биринен өзүнчө эмес, байланышта көрүп, убакыттын өтүшү менен өзгөрүп турушу, алардын коомдук мамилелер системасындагы ордун аныктоо маанилүү экенин көрсөтүп турат.

Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Негизинен тарыхый кубулуштардын өз ара байланышы жана көз карандылыгы аныкталып жана эске алынышы керек.

Совет доорунда жарык көргөн эмгектерге баа берүүдө объективдүүлүк принциби өзгөчө мааниге ээ, анткени совет мезгилиндеги изилдөөчүлөр көбүнчө идеологиялык постулаттарды карманып, окуяларга бир жактуу карап келишкен.Анткени азыркы учурда бир катар изилдөөчүлөр совет мезгилин изилдөөдө көбүнчө бир жактуу көз караштa болуп, диаметриалдуу карама-каршы позициялар келип чыгышы мүмкүн: же советтик мезгилди идеалдаштыруу, жетишкендиктерди жана оң натыйжаларды гана артыкчылыктуу талдоо менен, бир жагынан, терс же трагедиялуу факторлорду гана артыкчылыктуу бөлүштүрүү менен совет доорунда коомдук турмуштун ар кандай чөйрөлөрүндө революциялык кайра куруунун мүнөзүнө ээ болгон кубулуштарды жана окуяларды тануу менен изилдөөгө алынышы.

Биздин оюбузча, объективдүүлүк принцибинин ишке ашырылышынын дагы бир формасы болуп Кыргызстандын каралып жаткан мезгилдеги административдик-аймактык түзүлүшүнүн калыптануу жана өнүгүү тарыхын болуп жаткан саясий процесстердин көз карашынан гана эмес, экономикалык жана социалдык кайра куруулар да эске алуу саналат.

Тарых илиминин методологиясында жалпы жана атайын-тарыхый ар кандай изилдөө ыкмалары бар. Изилдөөнүн бардык этаптарында анализдин жана синтездин, индукциянын жана дедукциянын жалпы ыкмалары колдонулган. Бирок өзгөчө-тарыхый методдор: проблемалык-хронологиялык, салыштырмалуу-тарыхый жана структуралык-функционалдык методдор чечүүчү мааниге ээ болгон.

Кандай гана тема болбосун, аны кароодо актуалдаштыруу ыкмасын колдонуу зарыл. Бул ыкманы колдонуу менен бул диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу, илимий жана практикалык мааниси далилденди.

Теманы изилдөөдө дагы бир метод – баяндоо, окуяларды жана кубулуштарды, тарыхый инсандардын ишмердүүлүгүн алар жашаган доордун призмасы аркылуу сүрөттөөгө жардам берген баяндоо ыкмасы да колдонулду.

Эмгекте тигил же бул райондоштуруу жөнүндөгү чечим кандайча, кайсы пленумдарда же кандай токтомдордун негизинде кабыл алынгандыгы, чарбалык турмуштун айрым белгилери, географиялык шарттар, калктын уруулук бөлүнүшү кандайча каралып, алынгандыгы ырааттуу баяндалат.

Мындан тышкары, маселени комплекстүү кароо максатында материалды хронологиялык тартипте бөлүп алууга жана айкалыштырууга, анын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоого мүмкүндүк берген проблемалык-хронологиялык ыкма колдонулду.

Салыштырмалуу тарыхый метод тарыхтын ар кандай этаптарында каралып жаткан окуяларды салыштырууга, Кыргызстандын аймагын райондоштурууда келип чыккан маселелерди чечүүнүн жолдорун жана каражаттарын аныктоого мүмкүндүк берди. Архивдик материалдарды пайдаланып, монографиялардын жана макалалардын материалдарына кеңири таянуу менен автор ар кандай

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

этаптардагы процесстерди салыштырып, ишке ашырылып жаткан реформалардын себептерин жана кесепеттерин көрсөтүүгө умтулган.

Кыргызстанда уезддердин, волосттордун түзүлүшүн жана түзүлүш механизмин изилдөөгө мүмкүндүк берген структуралык-функционалдык талдоо изилдөөнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана бул маселелер эмгекте коомдук түзүлүштөгү аймактык экономикалык өнүгүүсүндөгү өзгөрүүлөр менен тыгыз байланышта каралган. Мисалы, эмгекте Кыргызстандын аймагынын райондук бөлүнүшүнүн түзүлүшүнө алып келген себептерди, андан соң аймактык түзүлүштүн өзгөрүшүнө жана кантондордун пайда болушуна алып келген себептерди көрсөтүүгө аракет жасалган. Ошентип, эмгекте ар кайсы жылдардагы территориялык түзүлүш ырааттуу түрдө талданат: адегенде эки райондук түзүлүш, андан кийин 1924-жылы декабрда жаңы райондоштуруу жүргүзүлүп, ага ылайык Пишпек болуп төрт райондук бөлүнүү, андан соң Ош, Жалал-Абад, Каракол-Нарын райондорунун түзүмү каралган.

Ошону менен бирге диссертацияда кантондордун структурасын жана райондоштуруунун жаңы этаптарында да өзгөртүүлөргө дуушар болгон башкаруу органдарынын функцияларын кеңири изилдөөгө алынды.

Ошентип, диссертацияда колдонулган принциптердин жана методдордун жыйындысы аныкталган материалды изилдөөгө жана талдап чыгууга, андан жыйынтык чыгарууга, практикалык сунуштарды берүүгө мүмкүнчүлүк түздү.

**Бапта диссертациялык иштин булактары:** нормативдик-укуктук документтер, Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин (КР БМА), Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик саясий документтер архивинин (КР БМСДА) фонддорунун материалдары; Кыргызстандын улуттук-мамлекеттик курулуш процесстери чагылдырылган документалдык жыйнактардан алынган маалыматтар, жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланган материалдары да каралат.

Белгилей кетсек, булактардын басымдуу бөлүгүн архивдик материалдар түзгөт. Ошентип, Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинде документтердин олуттуу катмары аныкталып, алар диссертацияда талдоого алынган.

Алардын арасында: Алардын катарына: Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун кеңешинин биринчи уюштуруу курултайынын материалдары; Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын президиумунун областы төрт районго бөлүү жөнүндөгү жана уюштуруу маселеси боюнча кеңешмесинин протоколдору; Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын областык аткаруу комиететинин советтик мамлекетти башкарууда эл массасын кеңири тартуу токтому; Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин Президиумунун алдындагы Кыргыз автономиялуу областынын өкүлчүлүгү жөнүндө жобо; Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын райондоштуруу боюнча комиссиясынын иш аракеттери; Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын райондоштуруу комиссиясынын чек араларды тактоо боюнча кеңешмеси; КАОнун Борбордук мамлекеттик архивинин чектеринде Өзбек ССРи менен

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

РСФСРдин ортосундагы чек араны тактоо долбоору боюнча КАОнун райондоштуруу комиссиясынын кеңешмеси протоколунун көчүрмөсүн, СССР БАКнын райондоштуруу боюнча комиссиясынын Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу комитетинин алдындагы КАОнун өкүлчүлүгүнө жөнөтүү жөнүндөгү каты; Райондоштуруу боюнча Комиссиянын иши боюнча маалыматтарды өзгөчө белгилей кетүү керек.

Белгилей кетсек, аныкталган бардык документтер системалаштырылган жана Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына арналган өзүнчө жыйнак болуп басылып чыккан.

**“Улуттук-мамлекеттик бөлүштүрүүгө чейинки Кыргызстандагы административдик түзүлүш жана башкаруу системасы”** – деп аталган экинчи бапта падышачылык империя мезгилиндеги жана Түркстан АССРнин курамындагы Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшү, 1918-1924-жылдардагы Кыргызстандагы аймактык башкаруунун формалары жана ыкмалары жана Кыргызстандын аймагындагы жаңы уездерди түзүүнүн себептери, өбөлгөлөрү, алардын ишмердүүлүгү каралат.

Түркстан генерал-губернаторлугун административдик бөлүүнүн укуктук негизи 1867-жылдагы провинцияларды түзүү жөнүндөгү Жободо жарыяланган жана Кавказда сыналган "аскердик-элдик башкаруу" деп аталган принцип болгон. Бул системанын биринчи тепкичинде старчын жетектеген административдик айыл турган. «Аскердик-элдик башкаруунун» маанилүү бөлүгү волосттук башкаруучу – эң жогорку кызмат адамы болгон, ошондуктан волосттук башкаруу жергиликтүү бийликтин эң жогорку деңгээлинде турган. Төмөнкү деңгээлде айыл старчыны жетектеген айыл башкармалыгы болгон.

Аскердик-элдик башкаруу системасынын киргизилиши уруулук түзүлүштүн мыйзамдуу түрдө жоюлушуна алып келгендигин белгилей кетүү керек.

1917-жылдын октябрында большевиктердин Петербургда Керенскийдин убактылуу өкмөтүн жеңип чыгышы Орто Азиянын тургундарынын тарыхында жаңы баракты ачты.

Бийликтин Советтердин колуна өтүшү Убактылуу Өкмөттүн башкаруу органдарын таркатып, анын ордуна жаңыларын түзүү жолу менен ишке ашкан. Эски административдик аппаратты алмаштыруу процесси күч алган. 1920-жылы Түркстан крайы 5 областтан, 31 уезден турган. Волосттордун, айылдык жамааттардын жана айылдардын жалпы саны ылайыгына жараша 466 жана 3925 болгон. Ар бир аймак түрдүү элдердин өкүлдөрүнөн турган.

Волосттор калктын чарбалык ишинин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен көчмөн жана отурукташкан болуп экиге бөлүнгөн. Көчмөн волост бир нече уруунун өкүлдөрүнөн турган. Ошол эле учурда ар кандай кландардын ортосунда “партиялык” деп аталган күрөш башталган. Бул көрүнүш табигый түрдө майда уруктар бөлүнүп, башка волосттордогу тууган-туушкандары менен биригип, өздөрүнчө волосту түзүүгө алып келген. Мындай биригүү өзүнчө жашоочуларды же айылдарды бир волосттон экинчи волостко өткөрүү жана эски волостторду бөлүп-жаруу аркылуу ишке ашкан. Кээ бир жерлерде

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

волостор бир атадан болгон уруктардан пайда болгон. Маселен, 1918-жылы Пишпек уездинин кыргыз жарандарынын өкүлдөрү райондоштуруу боюнча Жети-Суу областтык комиссиясына “жоочалыш” уруусун 400 кожолуктан өзүнчө волостко бөлүп берүү өтүнүчү менен кайрылышкан.

Орус кыштагы же бир нече кыштак өзүнчө волост болуп эсептелген. Келгиндер конуштарынын жана айылдык жамааттардын өзүнчө административдик түзүлүшүнүн себеби, ар кандай жеңилдиктерди, анын ичинде ссудаларды, жер тилкелерин, ар кандай салык жеңилдиктерин берүү үчүн калктын эсебин алуу зарылчылыгы болгон.

XX к. башталышында кыргыздар бара-бара көчмөн чарбадан отурукташкан жашоого өткөн. Жаңы отурукташкан кыргыз волосттору пайда болуп, кыргыздардын арасында көчмөн чарбалардын үлүшү өтө жогору бойдон калган.

1916-жылдагы көтөрүлүш, падышанын ырайымсыз жазалоочуларынын кандуу басышы Түркстан АССРинин калкынын санынын өзгөрүшүнө, көчмөн волосттордо калктын бир кыйла азайышына өбөлгө түздү.1920-жылы көчмөн волосттордy бириктирүү жүргүзүлүп, бир нече чектеш аймактык волостор "механикалык" түрдө бир волостко бириктирилге. 1917-жылы Пишпек уездиндеги волосттордун саны 44 бирдик болсо, бириккенден кийин 10го жеткен. Пржевальский уездинде 32 волост (1899-жылга чейин Ысык-Көл, 1922-жылдан (1919-ж.). Каракол)  болсо, 1920-жылы 20, Нарын уездинде 9 волост калган.

1920-жылга чейин Түркстан АССРнын курамында бир нече жаңы уезддер уюштурулган. Жаркент уезди Берн жана Пржевальск уездинин бир бөлүгүнөн түзүлгөн.

1920-жылы январь айында Пишпек уездинин администрациясы Токмок уездин жоюу жана  уезддин волостторун Пишпек уездине кошуу жөнүндө өтүнүч менен кайрылган. Токмок чиновниктери «уездди жоюу Пишпек шаарындагы бир нече адамдардын аракети» деп белгилешкен. Токмок уездинин Пишпектин карамагына киргиси келбегендигинин дагы бир себеби борбордун каржылык таасири болгон. Ачарчылык маалында Пишпек уездине  2 миллион рубль бөлүнүп, анын 25 миң рубли гана Токмок уездине берилген.

ТүркБАК 1920-жылы март айында Токмок уездин өз алдынча административдик бирдик катары жойгон. Мурдагы Токмок уездинин волосттору Пишпек уездинин курамына киргизилип, үч волост түзүлгөн: Токмок, Быстроречинск, Каракунуз ал эми Ысыката волосту жана Дмитриевка, Денисовск кыштактары  Лебединск волостуна өткөн. Тоолуу  - Абилда, Темирболот, Кочкор волостору  Пишпек Тоолуу волостуна бириктирилип, Абилда жана Темирболот айылдык аткаруу комитеттеринин түзүлүшү менен Кочкор волосту Темирболот  айылдык аткаруу комитетине  кошулган. 1920-жылдын орто ченинде партиянын уезддик-шаардык комитети партиянын Токмок, Быстроречинск жана Караконуз волостук комитеттерден турган райкомуна айландырылган.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Каракол уездинен жаңы Нарын уезди бөлүнгөн. Бул административдик бирдикти түзүү идеясы падышалык чиновниктерге таандык болгон, алар кыргыздар үчүн өзгөчө уезди түзүүнү, ал жерге Пишпек жана Пржевальск уезддеринин бардык түпкү тургундарын сүргүн кылууну сунуш кылышкан.

Бул маселе совет доорунда дагы көтөрүлүп 1918-жылдын 27-январында Түркстан крайынын Эл комиссарлар кеңеши Нарын уездин өз алдынча административдик бирдик кылып уюштуруу жөнүндө декрет чыгарган. 1918-жылдын 18-июнунда Верный областтык аткаруу комитети Нарын участогунун эл депутаттарынын Советтеринин 1918-жылдын 25-майындагы № 143 токтомун, алардын депутаттарынын кеңешинин 23-майдагы № 24 Ат-Башы участогун Нарын деп атоо жөнүндө чечимин бекитүү жөнүндөгү маселесин караган. Совет бийлигинин тушунда падышалык администрациядан айырмаланып, өзгөчө резервацияларды түзүүгө ниеттенбеген өз алдынча Нарын уездин түзүүнүн себептери бул жердин Каракол шаарынын уезддик борборунан географиялык жактан алыстыгы, транспорттун жана жакшы жолдордун жоктугу, жергиликтүү коммунисттердин даярдыгынын начардыгы, маданий жактан артта калуу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көзөмөлдүн начардыгы ж.б. болгон. 1918-жылы Түркстан Эл Комиссарлар Совети Нарын участогун өз алдынча уезд кылып кайра түзүү жөнүндө декрет чыгарылып, 1918-жылдын 11-июлунда Жети-Суу областтык аткаруу комитети Нарын уездин түзүү жөнүндө токтом кабыл алган.

**“Орто Азия элдерин улуттук-мамлекеттик бөлүштүрүү жана Кара-Кыргыз автономиялуу областын райондоштуруу”** деп аталган үчүнчү бапта Орто Азия элдерин улуттук-мамлекетке бөлүштүрүү, Кара-Кыргыз автономиялуу областынын түзүлүшү жана областын административдик-аймактык түзүлүшү каралат.

Белгилүү болгондой, Совет мамлекетинин түзүлүшүнүн алгачкы жылдарында түзүлгөн шарттар жаңы райондоштурууга мүмкүндүк болгон эмес анткени Түркстанда Совет бийлигинин алгачкы айларында жаңы түзүлүштүн жактоочулары менен каршылаштарынын ортосунда курч саясий күрөш жүргөн.

Диссертацияда аймакта түрдүү партиялар: «Шуро-Исламия» (Ислам кеңеши), «Шуро-Улем» (Билгичтер кеңеши), «Алаш-Ордо», «Кадеттер», «Иттихад ва Таракат» (Биримдик жана Прогресс) жана башкалардын пантүркизм жана панисламизм идеологиясы менен саясий күрөш жана үгүт иштерин жүргүзгөн иш-аракеттери белгиленет.

«Алаш-Ордо» партиясы II Бүткүл кыргыз курултайын чакырып, анда «Алаш» аймактык-улуттук автономиясын түзүү жөнүндө декларация жарыяланган, анын курамына Семипалатинск, Акмоло, Тургай, Урал, Сыр-Дары, Фергана, Жети-Суу областтары жана Самарканд областынын Жиза уезди кирмек. «Алаш-Ордо», «Шуро-Исламия» жана башка партиялардын идеялары большевиктер тарабынан буржуазиялык-улутчулдук катары, эски, патриархалдык-феодалдык элитанын жана капиталисттик түзүлүштүн бийлигин калыбына келтирүүгө багытталган катары бааланган.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Түркстанда улуттук саясатты иш жүзүндө ишке ашырууга көмөк көрсөтүү максатында РКП (б) БКнын жана РСФСР өкмөтүнүн ыйгарым укуктуу өкүлү - П.А.Кобозеванын жетекчилиги менен Түркстан иштери боюнча РКП (б) БК жана ЭКСтин убактылуу комиссиясы түзүлгөн.

П.А.Кобозевдин катышуусу менен 20-апрелден 30-апрелге чейин Түркстандын жумушчу, солдат, дыйкан жана мусулман депутаттарынын Советтеринин V курултайы өтүп, анда ал Түркстан крайын Түркстан АССРине өзгөртүүнү сунуш кылган.

Большевиктер Түркстандын бөлүнүшүн каалашкан эмес. С.Г.Шаумяндын жазган катына В.И. Ленин бөлүнүү укугун жактаарын, автономиялу демократиялык мамлекетти уюштуруу боьшевиктердин паланы экенин, бирок бүлүнүүгө каршы экенин билдирген.

Түркстандын келечекте Россиядан бөлүнүүнүн эч кандай негизи жок болчу, анткени большевиктер буга жөн эле жол беришкен эмес. Алтургай, М.Чокоевдин жетекчилигиндеги Кокондогу автономиясы кызыл армиянын бөлүктөрү тарабынан талкаланган жана таратылганган. Т.Рыскулов большевиктер Орто Азиядагы элдердин өз тагдырын өзү чечүүгө берген укугу формалдуу мүнөзгө ээ болгондугун белгилеген.

Түрк Республикасын түзүү идеясы эң кеңири таралган жана теориялык жактан негизделген, салттуу аң-сезимге тааныш болгон. Өз убагында М.Чокаев Орто Азиядагы тажиктерден башка бардык элдердин этникалык биримдиги идеясын көтөргөн. Түпкү улуттардын өкүлдөрүнүн жетекчилери - жергиликтүү түрк калкын этникалык топторго бөлбөй, бүтүндөй бирдик катары кароону сунуш кылышкан. 1920-жылдын 17, 20 жана 21-январында Түрккомиссиянын, ТКП(б) крайкомунун жана ТКП (б)нын бюросунун биргелешкен кеңешмесинде Т.Рыскулов баяндама жасап, анда ал Түркстандын аймагында Түрк Республикасын түзүү зарылчылыгы көрсөткөн.

Түрккомиссиянын кеңешмесинде бул маселени талкуулоодо комиссиянын мүчөлөрү Ш.З. Элиава, В.В. Куйбышев Т.Рыскуловдун Түркстан коммунисттик партиясын (ТКП(б)) Түрк элдеринин Коммунисттик партиясы, Түркстан Автономиялуу Республикасын Түрк Республикасы деп атын өзгөртүү сунушуна макул болгон. Түрккомиссия Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитетине «үч республиканы - Өзбек, Кыргыз (казак) жана Түркмөн республикаларын уюштуруу максатка ылайыксыздыгы жөнүндө телеграмма жиберген.

Ташкентте Түрккомиссиянын мүчөсү Я.Е. Рудзутак бирдиктүү Түрк республикасын түзүүгө каршы болгон, Москва да бул идеяны четке каккан. В.И.Ленин Түркстанды: Өзбекстан, Кыргызстан (Казакстан) жана Түркмөнстан деп үчкө бөлүүнү сунуш кылган. Ал «өз тагдырын өзү аныктоонун улуттук-аймактык принциби гана, ал үчүн түрк элдеринин аныктамасы алыскы, эфемердик, ойлонуп табылган» деп тааныган. М.В. Фрунзе Россиянын бардык түрктөрүн бириктирүү идеясын иш жүзүндө ишке ашыруудан чочулашына, окуялардын өнүгүшүнүн перспективаларына баа берип, Түрк комиссиясынын айрым мүчөлөрүнүн көз карашын сынга алган. Мындай бирикме реалдуу

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

саясий күчкө ээ болуп, аны менен эсептешүүгө туура келмек. Түрк Республикасынын түзүлүшүнө жол бербөө үчүн белгилүү кадамдар жасалган.

1920-жылы август айында Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитети Автономиялуу Түркстан АССРин түзүү жөнүндө декрет чыгарып, биротоло республиканын укуктук статусун расмий түрдө бекитип, түрктөрдү бир мамлекетке бириктирүү аракеттеринин бардык себебин жойгон.

1920-жылы Бүткүл союздук эл каттоо крайдагы иштин чыныгы абалын көрсөткөн жок. Ар кандай себептерден улам айрым волосттордо (Фергана өрөөнүндөгү жана бир катар башка волосттордо) эл каттоо жүргүзүлгөн эмес. Улуттун аныктамасын ар кандай чечмелөөгө жол берилген, айрым учурларда Түркстандын улуттук курамы жөнүндөгү маалыматтар атайылап бурмаланган. Эл каттоонун жүрүшүндө Өзбекстан жана Түркмөнстанга тиешелүү бөлүктөрдө эл каттоонун аткаруучуларына кандай болгон күндө да «мусулман», «христиан», «православ» деген жоопторду кабыл албоо тапшырмасы берилген. Өзбекстанда эл каттоону жүргүзгөн санакчыларга “сарт” деген аталышты “өзбек” деп алмаштырууга буйрук берилген. 1923-жылдагы шаардык каттоодо Пскент шаарынын айланасында жана Ангрен дарыясынын өрөөнүндө жашаган бардык курамдар жалаң гана «өзбек» деп катталган.

Кыргыздын чыгаан уулдары ата журттун тагдырына кабатырланып, кыргыз элинин бири-биринен ажыраган бөлүктөрүн кайрадан бир бүтүнгө бириктирүүгө аракет кылышкан. Жети-Суу областтык аткаруу комитетинин төрагасы А.Сыдыков, аткаруу комитетинин бөлүм башчысы И.Арабаев кыргыздардын өз тагдырын өзү аныктоо маселесин көтөрүшөт. Окумуштуу-тарыхчылардын изилдөөлөрүндө кыргыз элине автономия түзүү маселеси биринчи жолу 1921-жылдын май айында көтөрүлгөн. Түрк комиссиясынын жана Түркстан БКнын бир катар жоопту кызматкерлери Түркстан АССРинин курамында өз алдынча Кара-Кыргыз тоолуу областын түзүү жөнүндө маселени көтөрүшкөн. З. Курманов А.Сыдыков идеянын чыныгы дем берүүчүсү экенин өз эмгегинде далилдеген.

Областы түзүү зарылчылыгы бир катар жагдайлардан улам келип чыккан. Биринчиден, кыргыз элинин Түркстандын ар кайсы облустарына, уезддерине, волостторуна, алтургай айылдарына чачырап кетиши элдин социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүнө кедергисин тийгизген. Көбүнчө кыргыздар аймактык бирдиктерде этникалык азчылыкты түзүшкөн, ошондуктан алардын кызыкчылыктары көп учурда этибарга алынган эмес. Маселен, мындай шарттарда сабаттуулук процесстерин жүргүзүү өтө кыйын болгон. Фергана, Самарканд облустарында окуу өзбек тилинде жүргүзүлсө, Жети-Суу, Сырдарыя аймактарында кыргыздар түндүктө казактар менен, түштүктө өзбектер менен ассимиляцияланган.

Экинчиден, Жети-Суу областтык башкаруу түзүмүнүн кыргыз-казак кызматкерлеринин ортосунда жүрүп жаткан күрөш негизинен принципиалдуу негизде эмес, улуттук негизде жүргөн. Акырында, эгемендүү мамлекеттик түзүлүштү түзүү Кыргызстандын түштүгүндөгү басмачылар кыймылын жок

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

кылууга салым кошо алмак, анткени айрым басмачылардын лидерлери күрөштү токтотуунун шарты катары өзүнчө аймак түзүүнү сунуш кылышкан.

А.Сыдыков 1922-жылы март айында Ташкентте өткөн Бүткүл Түркстандык Советтердин XII курулатайында болгон сапарында ТүркБАКтын алдына маселени коюп, тоолуу аймакты бөлүп берүү чечимине жетишкен.

Түркстан РКП(б) БКнын катчылыгы 1922-жылдын 25-мартында Жети-Суу областын райондоштуруу маселесин карап, Түркстан Республикасынын курамына Тоолуу областы уюштуруу жөнүндө декрет жарыялоону ТүркБАКтын президиумуна тапшырган. 26-мартта Түрк АССР Советтеринин Борбордук Аткаруу Комитети Жети-Суу уездинин курамындагы Пишпек, Каракол, Нарын, ошондой эле Сыр-Дарыя областынын Олуя-Ата волостундагы Талкановка, Жайылганов тоолу учатоктору кирген борбору Кочкор болгон, Кара-Кыргыз тоолуу областын түзүү жөнүндө Жети-Суу областтык аткаруу комитетинин өтүнүчүн канааттандыруу принципиалдуу зарыл деп табылган токтом чыгарат.

Бул долбоордун иш жүзүндө ишке ашырылышында бөлүнүүнү жактаган тараптар менен каршылаштардын ортосунда курч партиялык-топтук күрөш күчөгөн. Р.Худайкулов баштаган топ курултайды өткөрүүгө жана Тоолуу областы түзүүгө каршы чыккан. Р.Худайкулов жана анын тарапташтарын Ташкенттеги ТүркБАКнын казак кызматкерлеринин бир бөлүгү жана «кыргыздар казак элинин бир бөлүгү» жана бүткүл түрктөрдүн биримдиги жөнүндөгү «алашчылардын» идеясын жактаган Алма-Атадагы областтык аткаруу комитети колдогон.

1922-жылдын 4-6-июнунда Пишпекте I тарыхый уюштуруу курултайына Түркстан Республикасынын курамындагы өз алдынча Тоолуу областынын уштурулушу боюнча бул аймактагы улуттук азчылыктардын өкүлдөрү катышууга чогулган. Бирок, партиянын Генералдык катчысы жана улуттар эл комиссары И.Сталиндин көрсөтмөсү менен ТКП(б) БКнын Аткаруу бюросу Тоолуу аймакты бөлүүнү убактылуу токтотууну чечкен, областы түзүү жасалма мажбурланган, даярдыксыз чечим деп эсептелип, Кыргыз Тоолу областына бөлүү боюнча маселени ТүркАССРнин райондоштурууну жүргүзүүгө чейин жылдырылган.

1924-жылы Советтердин Бүткүл Түркстандык XII курултайынын кыргыз делегаттары РКП(б) БКнын жана СССР БАКнын Улуттук Советине атайын кат менен кайрылышат, анда алар социалдык-экономикалык жана саясий иш чараларга, кыргыздар жашаган көптөгөн аймактар камтылбай калганын кара-кыргыз эмгекчи массасынын өкүлдөрү партиялык жана мамлекеттик иштерге тартылбаганын белгилешкен. Кыргыздардын «таанылбагандыгынын» негизги себептери: биринчиден, тилинин кандайдыр бир окшоштугу, жашоо-тиричилигинин жана башкаруусунун бирдейлиги, ошонун айынан европалыктар кайсак-кыргыз менен кара-кыргызды бир улут деп алышкан. Экинчиден, Түркстандын кээ бир жетекчилеринин кара-кыргызды кайсак-кыргызга кошуп, бирдиктүү эл түзүүгө умтулуусу деп көрсөтүшкөн.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

1924-жылы 10-мартта ТКП БК (б) менен Түркстан Советтеринин БАКында, Орто Азия бюросунун мүчөлөрү менен партиялык-советтик кызматкерлеринин бириктилирген кеңешмесинде И.Арабаев өз сөзүндө кара кыргыздар саны көп болсо да, кыргыз-кайсактардан кескин айырмаланып, кызыкчылыктары эң көп тебеленгенин жана өз алдынча республика болуу укугу берилбей жатканына наразычылыгын билдирген. Ал Кыргыз автономиясы маселесин токтоосуз чечип, Түркстанга, Кыргыз (Казак) Республикасына же РСФСРге кошулуу маселесин кара-кыргыз элинин өзүнө чечүүгө укук берүүнү сунуш кылган. Кеңешме Түркстандын Кайсак-Кыргыз жана Кара-Кыргыз областарын Кыргыз (Казак) Республикасынын курамына кара-кыргыздарга автономия берүү максатка ылайыктуу деген тыянакка келет.

Кыргызстандын өкмөтүнүн келечектеги түзүмү 1924-жылдын 28-августунда административдик-укуктук комиссиянын кеңешмесинде аныкталып, анын чечими менен областык аткаруу комитетинин аппаратынын курамы төрагадан, анын эки орун басарынан, катчыдан жана алты мүчөдөн турган. Төраганын орун басарларынын бири административдик бөлүмдүн, экинчиси аймактык пландоо комиссиясынын өкүлү болгон.

Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнүн эң маанилүү өбөлгөлөрүнүн бири улуттук-мамлекеттик чек араны тактоо, бул боюнча практикалык иштер Орто Азия республикаларынын өзүндө башталган. 1924-жылы сентябрда Түркстан АССРнин БАК, Советтердин V Бүткүлбухара жана V Бүткүл Хорезм Курултай Кеңештери эски мамлекеттик түзүлүштөрдү жоюу жана крайдагы улуттардын курамына дал келген жаңыларын түзүү жөнүндө өз алдынча токтомдорду чыгарган. 1924-жылдын октябрында СССРдин Борбордук Аткаруу Комитети өзүнүн Президиумуна Орто Азия элдеринин эркине ылайык жаңы республикаларды түзүүнү тапшырган.

Борбордук Азиянын улуттук-мамлекеттик чек арасын белгилөө анын элдеринин өнүгүшүндө чоң мааниге ээ болгон, ал мурда бөлүнүп кеткен элдерди кайра бириктирүүдөн турган, алар тарыхта биринчи жолу өз улуттук мамлекеттерин түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон.

Бирок, жаңы мамлекеттик түзүмдөрүнүн чектерин аныктоого партиялык жогорку органдардын мүчөлөрүнүн мамилеси негизинен: алардын көпчүлүгү үчүн бул көйгөйгө мамиле кылуу келечектеги тагдырды аныктоочу процесс эмес, улуттардын, аймакты саясий жана экономикалык башкарууну жакшыртуу максатында калктын улуттук курамын эске алуу менен бирдиктүү бөлүнгүс өлкөлөрдүн аймактык административдик бөлүнүшү формализм менен айырмаланганын моюнга алуу керек.

Бөлүштүрүү принциптери жалпысынан адилеттүү деп эсептелгени менен иш жүзүндө бир катар аспектилер, мисалы, көчмөндөрдүн жашоо образынын өзгөчөлүктөрү эске алынбай калган.

Ошентип, ал улуттук-саясий (этносаясий) жана экономикалык деген эки принципти ишке ашыруунун негизинде ишке ашырылгандыгы белгилүү. Биринчи принцип Орто Азиянын келечектеги ири этностук топторунун этносаясий параметрлерин жалпысынан туура аныктоого шарт түзгөн.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Натыйжада бул этникалык топтор аныкталып алардын өз тагдырын өзү чечүүгө укуктары аныкталган.

Экономикалык максатка ылайыктуулук принцибин эсепке алуу көчмөндөрдүн, анын ичинде кыргыздардын аймактык кызыкчылыктарынын биринчи кезекте козголушуна алып келген, анткени пахтачылык менен эмгектенген өзбек жана тажик элдерине аймактык артыкчылыктар берилген.

Бул принциптин иш жүзүндө ишке ашырылышы кыргыз элинин кызыкчылыгына чоң зыян келтирди. Натыйжада Кыргызстан сыяктуу бир дагы мамлекетте мынчалык бурмаланган чек ара жана анклавдары болгон эмес.

Улуттук автономияны жарыялоонун кыргыз эли үчүн тарыхый зор мааниси болгон. Кыргыздар мамлекеттүүлүгүнөн ажырагандан көп кылымдар өткөндөн кийин чектелген автономия менен болсо да өз мамлекеттүүлүгүн түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан.

**“1925-1926-жылдардагы райондоштуруу жана кантондук-волостук башкаруу системасына өтүү”** аталыштагы төртүнчү бапта Кыргызстандагы округдук-волостук бөлүштүрүүнү өзгөртүү, жаңы райондоштуруунун себептери жана административдик түзүлүштүн кантондук системасына өтүү ишери талданат.

Бул процесстердин биринчи этабында Облревкомдун, уезддик ревкомдордун чечимдери боюнча областтын аймагын эки округка бөлүштүрүү туура деп табылган. Андан кийин, 1924-жылдын ноябрында Каменскийдин төрагалыгы астында райондоштуруу боюнча областтык комиссия жаңы административдик-территориялык бөлүнүүнүн зарылдыгы жөнүндө пикирин билдирген. Комиссия облревкомго жаңы райондоштурууну сунуш кылат жана Кара-Кыргызстандын үч бирдиктен турган бөлүнүшүнүн максатка ылайыктуулугуна макул болот: 1) областтык, 2) округдук, 3) райондук (ирилештирилген) волост. Сунушталган райондоштуруу боюнча област төрт округка – Пишпек, Каракол-Нарын, Ош, Жалал-Абад бөлүү карлган. Мурдагы Каракол жана Нарын уезддеринин, ошондой эле мурдагы Пишпек уездинин Тоолуу районунун бардык волосттору Каракол-Нарын округуна өтүшү керек болгон.

РКП(б) ККАОнун уюштуруу бюросунун президиумунун 1924-жылдын 25-ноябрындагы токтому боюнча жаңы административдик бөлүнүш төмөнкүдөй болгон: Пишпек округу борбору Токмок шаары; Каракол - Нарын округу борбору (убактылуу) Каракол шаары; Ош округу борбору Ош шаары; Жалал-Абад округу борбору Жалал-Абад шаары белгиленген. Ушул эле токтом менен Пишпек шаары областын борбору болуп тандалган.

Бирок райондоштуруу процесстери улана берген: мисалы, 1925-жылдын 6-июнунда РСФСРдин ББАКтын Президиуму областтык бийликке анын ички райондоштуруу долбоорун иштеп чыгууну тапшырган. Бирок жаңы административдик бирдиктерде ар кыл улуттардын ортосундагы чыр-чатактар

көбөйгөн. Ушуга байланыштуу мындай учурларды болтурбоо максатында 1925-жылы июнь айында Орто Азияны райондоштуруу боюнча комиссия Кыргыз обкомуна мүмкүн болушунча, улуттук азчылыктар басымдуулук кылган

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

өз алдынча административдик бирдиктерди түзүүнү, ошондой эле айылдык Кеңештерде алардын тилинде окутууну жана иш кагаздарын жүргүзүүнү сунуш кылган.

Мындан тышкары ушул эле комиссия административдик башкарууну жакшыртуу максатындаокругдар менен волостторду ирилештирүүнү сунуш кылган. Бирок бул округдун борбору менен анын айрым аймактардын ортосундагы аралыктардын көбөйүшү сыяктуу бир катар кемчиликтерге дуушар кылып, аларды башкаруунун татаалдашуусуна алып келген.

Бул факторду, ошондой эле Кыргызстандын калкынын этникалык көп түрдүүлүгүн эске алуу менен Борбордук Азиянын райондоштуруу комиссиясы кантондук бөлүнүүнү туура деп тапты. Округдук бөлүштүрүүдөн баш тартууда төмөнкүдөй факты эске алынган: анын калкы 300 - 500 миң адам болушу керек эле, ал эми алардын айрымдарында 195 миң адам жашайт. Буга байланыштуу округдук бөлүштүрүү максатсыз деп табылган. Уездерге бөлүштүрүү да каралбай калган, анткени алардын аттары райондоштурууда эске алынган эмес. Кантондук бөлүнүш СССРдин башка аймактарында (Башкирия, Татария ж.б.) кабыл алынгандыгына байланыштуу көбүрөөк таанылган. Экинчи жагынан, бул тартип башка критерийлерди : улуттук жана уруулук өзгөчөлүктөр, чарбалык түзүлүш, табигый географиялык шарттар да эске алган. Акыры, мындай райондоштуруу менен этникалык азчылыктар өзүн-өзү башкаруу укугуна ээ болуп, өздөрүнүн маданий - тилдик автономиясына ээ болушкан.

Кантондордун саны 12-13кө жетиши керек деп болжолдонгон, бирок кийинчерээк райондоштуруу процессине жоoптуу жетекчилер экономикалык жана улуттук факторлорду эске алуу менен жети гана кантонду: Чүй, Талас, Каракол, Нарын, Ош, Жалал-Абад, Фрунзени түзүүнү чечишкен, алар 52 волостко, ал эми кезегинде 455 айылдык Кеңештерге бөлүнгөн.

Кийинчерээк Чүй кантону Фрунзе кантонуна, ал эми Жалал-Абад жана Ош кантондору Ош округуна бириктирилген. Ошол эле мезгилде волосттуктан райондук бөлүштүрүүгө өтүү башталган. Ошентип, Кыргыз АССРинин аймагы 1 округга, 5 кантонго, 13 районго, 29 волостко жана 441 айылдык кеңешке бөлүнгөн.

1930-жылы автономиялуу республикада кантондук бөлүштүрүү жоюлуп, анын аймагы райондорго, алар өз кезегинде айылдык кеңештерге бөлүнгөн.

Кийинчерээк Чүй кантону, Фрунзенин курамына кошулуп, Жалал-Абад жана Ош уезддери бириктирилген, ошону менен бирге Кыргыз АССРнин аймагы волосттук бөлүнүүгө өтүү башталган. Республика 1 округ, 5 кантон, 29 волост жана 441 аыldык кеңешке бөлүнгөн. 1930-жылы автонономиялуу республикада кантондук бөлүм жоюлуп, анын аймагы райондорго, алар өз кезегинде айылдык кеңештерге бөлүнгөн.

## КОРУТУНДУ

Кыргызстандын XX кылымдын башындагы административдик аймактык түзүлүшүн изилдөөнү жыйынтыктоодо, төмөндөгүдөй **тыянактарды** чыгарса болот:

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

1. Каралып жаткан мезгилде Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүнүн калыптануу жана өнүгүү тарыхын үч этапка бөлүүгө болот. Алардын биринчиси Россия империясынын курамында болгон Кыргызстандагы биринчи жолу административдик-аймактык бөлүнүү киргизилген мезгилди камтыйт.

Ал «аскердик-элдик башкаруу» принциби деп аталган принципке негизделген, ага ылайык Кыргызстандын аймагы төрт облуска, уезддерге, уезддер волостторго жана анын ичинде айылдар болгон.

Октябрь революциясынын жециши менен Кыргызстан адегенде Түркстан АССРнин курамына кирип, ал мурдагы Түркстан генерал-губернаторлугунун беш облустан: Закаспий, Самарканд, Жети-Суу, Сыр-Дарыя жана Фергана облустарынан турган административдик бөлүнүшүн өзгөртүүсүз мураска алган. Областар кезегинде уездерге бөлүнгөн.

Административдик-аймактык түзүлүштүн тарыхынын экинчи этабы ККАО түзүлүп, округдук жана райондук-волосттук бөлүнүштүн пайдасына чечим кабыл алынгандан кийин башталган.

Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүнүн тарыхынын үчүнчү этабы 1926-жылдын февраль айында Кыргыз Автономиялык облусу КАССР болуп өзгөртүлгөндөн кийин башталган. Жаңы административдик бөлүштүрүүгө ылаык боюнча округдардын ордуна 7 кантон түзүлгөн: Чүй, Талас, Каракол, Нарын, Ош, Жалал-Абад, Фрунзе. Кантондор 52 волостко бөлүнгөн. 1930-жылы кантондук бөлүнүш жоюлуп, Кыргыз АССРнин аймагы райондорго, алар айылдык кеңештерге бөлүнгөн.

2. Диссертациялык иштин темасын тарыхнаамалык талдоо бир катар эмгектер каралып жаткан мезгилдеги Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүнүн тарыхынын айрым аспектилерин камтыган жалпылоого мүмкүндүк берет, бирок бул тема бүгүнкү чейин илимий изилдөөнүн объектиси катары карала элек.

3. Диссертациянын темасы боюнча негизги булактар болуп архивдик документтер саналат, аларга курултайлардын токтом, протоколдору, ККАОнун ревкомунун пленардык жыйындары, областы райондоштуруу боюнча комиссиялардын чечимдери, Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин декреттери саналат. КАОнун административдик бөлүнүшү ж.б. кирет. Аларды талдоо аймактын административдик-аймактык түзүлүшүнүн калыптануу тарыхындагы этаптарын, ошондой эле бул процесстерде кетирилген кыйынчылыктарды жана кемчиликтерди аныктоого мүмкүндүк берди.

4. Совет бийлиги орногондон кийин жер-жерлерде Советтер түзүлө баштаган, аларга административдик, чарбалык, финансылык, маданий-агартуу милдеттери жүктөгөн. Түркстан крайынын Эл Комиссарлар Совети ишмердигин жөнгө салуу максатында 1917-жылы «Жумушчу, солдат жана дыйкан депутаттарынын жергиликтүү кеңештерин уюштуруу жөнүндө жобо» кабыл алынып, анда аткаруу бийлигинин түзүмү: област, уезд, волост, шаарлар жана кыштактар бекитилген.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

5. Совет бийлигинин орношу менен большевиктер улуттук өзүн-өзү таанып-билүүнүн өсүшүнө туш болуп, ал Түркстанда Кокон автономиясы, Алаш-Орда, Түрк Советтик Республикасы сыяктуу улуттук долбоорлор түрүндө көрүнгөн. Ошол эле учурда Түркстанда Алаш-Орда долбоорунан тышкары улуттук кыймыл пантүркизмдин алкагында өнүккөн.

Түркстанда советтик автономиялуу республика жарыялангандан кийин, борбор крайдын түпкү калкын Совет бийлигинин органдарына тартуу саясатын жүргүзө баштаган, бирок көп өтпөй большевиктер партиясы биринчи автономиялуу түзүмдөр алган саясий укуктарга наразы болгон. Ошентип, 1920-жылдын башында Түрк Республикасынын Мусбюросунун төрагасы Т.Рыскулов Түркстан АССРин Түрк Советтик Республикасы деп атоо долбоорун сунуштап, муну крайдын негизги калк түрк элдери түзөрү менен аныктаган. Бирдиктүү Түрк республикасын түзүү долбоорун большевиктер аймактагы Совет бийлигине коркунуч катары кабыл алышкан.

6. Орто Азиядагы улуттук-аймактык бөлүштүрүү процессиндеги большевиктердин аракеттерине да дал ушундай мотивдер себеп болгон. Чечүүчү ролду, баарыдан мурда, улуттук маселеде жалпы түрк ураандарын жоюу маселесин чечүүгө большевиктердин каалоосу менен шартталган саясий мотивдер ойногон.

Буга байланыштуу большевиктер бөлүштүрүүнү биринчи кезекте улуттук аспектиге негиздеп, ошону менен этникалык өзүн-өзү андоонун өсүшүн тездеткен. Ошол эле учурда улуттук-аймактык бөлүштүрүү, мамлекеттүүлүктү түзүү процесстерин эл каттоонун маалыматтарын эске алуу менен большевиктер улуттук саясий күчтөр менен бирге чечкендигин моюнга алуу керек.

7. Бул саясаттын натыйжасында РСФСРдин курамындагы ККАОнун административдик-аймактык түзүлүшүнө 75 волост, алты шаар, 727 айыл, 721 кыштак жана 5 хутор бириктирилген. ККАОнун курамына Фергана областынан: Анжиян уездинен 10 волост, Наманган уездинен 10 волост, Фергана уездинен 5 волост, Кокон уездинен 2 волост, Ош уездинен 13 волост; Сыр-Дарыя областынан: Олуя-Ата уездинен 14 волост; Жети-Суу областынан: Пишпек уездинен 7 волост, Нарын уездинен 7 волост, Пржевальск уездинен 8 волост кирген.

Алгач облус эки округка - Жалал-Абадга эки уездден: Ош жана Жалал-Абаддан, Пишпек төрт уездден: Пишпек, Каракол, Нарын, Олуя-Ата (Тоолуу) болуп бөлүнгөн.

Ошентип, ККАОнун аймагында төмөнкү административдик бирдиктер болгон жана ишмердүүлүгүн жүргүзгөн: административдик айылдар, шаарлар, көчмөн жана европалык волосттор (айыл конуштары), уезддер (Нарын жана Пржевальск), эки округ (Пишпек жана Жалал-Абад) жана бир округ ( Тоолуу).

8. Бирок, 1926-жылы, жаңы райондоштуруу ишке ашырылган, анын себептери төмөнкүлөр:

- Борбордук Азияны улуттук-аймактык бөлүштүрүү учурунда этникалык азчылыкка көңүл бурбоодон келип чыккан улуттук дискриминация;

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

- Өзбекстанда калган кыргыз калкына байланыштуу чек араларды тактоо;

- көптөгөн кыргыз волостторунда туруктуу волосттук борборлордун жоктугу;

- жайыттарды биргелешип жана сарамжалдуу пайдалануу маселесин чечүү - уруулар ортосундагы чыр-чатактын булактарынын бири;

- соода борборлорунун, ирригациялык системалардын, жолдордун ж.б. жайгашуусун эсепке албастан эски административдик бирдиктерди түзүү;

- эл депутаттарынын Советтери, мамлекеттик органдар, коомдук уюмдар райондорду социалдык-этникалык өнүктүрүү боюнча чараларды пландаштырууга жана ишке ашырууга жетиштүү көңүл бурушкан эмес;

- административдик түзүмдөрдөгү аймактардын бирдей эмес бөлүштүрүлүшү.

9. 1925-жылдын 11-ноябрында түзүлгөн областтык райондоштуруу комиссиясы жана округдук комиссиялар бир нече улуттук волостторду уюштурган жана төрт округдуу аралаш аралаш волостор менен бир улуттуу волосторду өзгөртүүсүз бекемдеген. Бирок комиссиялардын ишинде төмөнкүдөй кемчиликтерге жол берилген: алар текшерилбеген материалдарды пайдаланышкан, бардык волосттор боюнча маалымат берилген эмес, бир катар уезддердин чек аралары боюнча так маалыматтар болгон эмес, административдик бөүштүрүүлөр боюнча калктын пикири эске алынган эмес ж.б.

Ошондой эле облусту райондорго бөлүүнүн үч баскычтуу принцибинин долбоору каралган: борбор - район - айылдык кеңеш долбоору төмөнкү себептерден улам мүмкүн болгон эмес: а) райондордун административдик жана чарбалык борбору болууга ылайыктуу калктуу пункттун жоктугу; б) долбоорлонгон райондор менен республиканын борборунун ортосунда почта-телеграф байланышынын жоктугу; в) райондук аппаратты кадрлар менен камсыз кылуудагы кыйынчылыктар; г) райондордун жана айылдык советтердин ортосундагы аралыктын узактыгына байланыштуу байланышты түзүүдөгү кыйынчылыктар.

10. Кантондук системага өтүүнүн негизги себептери болуп төмөнкүлөр саналат: анын СССРдин башка аймактарында (мисалы, Башкыртияда, Татарияда ж. б.) болушу; улуттук жана уруулук өзгөчөлүктөр, чарбалык түзүлүш, табигый географиялык шарттар сыяктуу критерийлерди эске алуунун зарылдыгы; этникалык азчылыктарга өз алдынча башкаруу укугун берүү жана алардын маданий жана тилдик автономиясын эске алуу зарылдыгы.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

1. 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын өнүктүрүүнүн Улуттук программасында административдик-аймактык түзүлүштү реформалоо милдети коюлган. Диссертациялык изилдөөнүн материалынан көрүнүп тургандай, бул маселе бардык факторлорду эске алуу менен өтө кылдат мамилени талап кылат, алардын ичинен негизгилери төмөнкүлөр:

-тарыхый жана географиялык улантуучулук, анын улуттук өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен калктын аймактык эсебин жүргүзүү;

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

-экономикалык өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу;
- коомдук пикирди, дүйнөлүк жана тарыхый тажрыйбаны эске алуу;
- жогоруда аталган маселелер боюнча адистерди тартуу.

2. Административдик-аймактык түзүлүштү заманбап реформалоо тажрыйбасы көрсөткөндөй, райондордун жана айылдардын жана башка административдик бирдиктердин аталыштарын уруксатсыз өзгөртүү фактылары көп болуп жатканын көрсөтүп турат.

Административдик-аймактык түзүлүштү өзгөртүүнүн негиздеринин так критерийлерин мыйзам менен бекитүүнү максатка ылайыктуу деп эсептейбиз, анткени бул маселелерди туура эмес же шашылыш чечүү элдин улуттук сезимдерине таасир этип, өлкөдөгү социалдык чыңалуунун курчушуна алып келиши мүмкүн.

3. Айылдардын, айылдык кеңештин жана башка административдик бирдиктердин аталыштарын макулдашылбаган жана уруксатсыз өзгөртүүгө тыюу салуу маселесин терең ойлонуу керек, ошондуктан бул аракеттерге тыюу салган же жөнгө салуучу атайын мыйзам кабыл алуу зарыл.

4. Коомчулукка кеңири маалымдоо жана билим берүү процесстеринде колдонуу максатында XX кылымдын 20-30-жылдарындагы Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүнүн ар кандай аспектилерин чагылдырган архивдик материалдардын жана документтердин жыйнагын басып чыгаруу.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектердин тизмеси:**

1. Курманалиев К.А. Административно-территориальная структура Кара-Кыргызской Автономной области [Текст] / Н.С.Усупова, К.А.Курманалиев // Российская наука и образование сегодня: Проблемы и перспективы – 2023, №6 (54). – С.10-14. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=59690769

2. Курманалиев К.А. Изменения в административной структуре Кыргызстана в условиях перехода к кантонной системе управления (1925-1930 гг.) [Текст] / К.А.Курманалиев // Российская наука и образование сегодня: Проблемы и перспективы– 2023, №6 (54). – С.5-9. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=59690767

3. Курманалиев К.А. Кыргызстандын 1918-1924-жылдардагы аймактык түзүлүшү [Текст] / К.А.Курманалиев // Известия ВУЗов Кыргызстана – 2023, №2. - С.192-196. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54762631

4. Курманалиев К.А. Түркстандын жана анын курамындагы Кыргызстандын аймактык түзүлүшүнүн шарттары (1917-1920-жылдар) [Текст] / К.А.Курманалиев //Известия ВУЗов Кыргызстана -2023, №2. С.197-201. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54762632

5. Курманалиев К.А. 1919-1921-жылдарда Кыргызстандын аймагында жыңы уездерди түзүүнүн себептери жана ишмердүүлүгү [Текст] / К.А.Курманалиев // Наука, Новые технологии и инновации Кыргызстана, №6, 2023, С.236-240. javascript:query_history(192694166), javascript:query_history(192694568)

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

6. Курманалиев К.А. Кара-Кыргыз Автономиялуу Областынын түзүлүшү [Текст] / К.А.Курманалиев // Вестник КГУ им. И. Арабаева. – 2023. – №3. – С. 215-222. DOI 10.33514/1694-7851-2023-3-215-222

7. Курманалиев К.А. Орто Азия элдерин улуттук-мамлекеттик бөлүштүрүүдөгү идеологиялык күрөш (1920-1924-жж.) [Текст] / К.А.Курманалиев // Вестник Кыргызстан

**Курманалиев Кубатбек Амановичтин «Кыргызстандын XX кылымдын башындагы административдик-аймактык түзүлүшү» деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарых адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр**: Өзгөчө кырдаалдар органдары, административдик-экономикалык райондоштуруу, эки округдук административдик бөлүнүш, көчмөн жана европалык (отурукташкан) волосттор, кантондук-волосттук башкаруу системасы, үч даражалуу бөлүү принциби, табигый-географиялык факторлор.

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргызстандын XX кылымдын башындагы административдик-аймактык түзүлүшү.

**Изилдөөнүн предмети**: Аталган мезгилдеги Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүндөгү бийлик тарабынан жүргүзүлгөн өзгөрүүлөр жана алардын натыйжалары.

**Иштин максаты:** Совет бийлигинин алгачкы жылдарында улуттук мамлекеттүүлүктүн калыптануу мезгилиндеги Кыргызстандын административдик-территориялык түзүлүшүнө ар тараптуу талдоо жүргүзүү.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин** илимий объективдүүлүк, тарыхыйлык принциптери түздү. Изилдөөнүн бардык этаптарында анализдин жана синтездин, индукциянын жана дедукциянын жалпы ыкмалары, илимий изилдөөнүн объектисине жараша тарыхый-салыштырмалуулук, тарыхый генетикалык, хронологиялык ыкмалар колдонулду.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

– мурда жарыяланган эмгектердин, архивдик жаңы маалыматтардын негизинде Кыргызстандын Түркстан АССРнин курамындагы аймактык түзүлүшү такталды;

– Кара-Кыргыз автономияуу областынын административдик-аймактык түзүлүшү аныкталды;

– изилденип жаткан мезгилде Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүнүн мындай тез-тез өзгөрүшүнүн себептери аныкталды;

Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

– Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдардагы административдик аймактык түзүлүшүнө байланыштуу архивдик документтер алгачкылардан болуп илимий диссертациянын деңгээлинде изилденди жана илимий айлампага киргизилди;

– диссертациянын темасын изилдөөнүн жүрүшүндө каралып жаткан мезгилдеги Кыргызстанда административдик-аймактык бөлүнүштүн калыптанышына тиешелүү төмөнкүдөй принципиалдуу жоболор белгиленди: 1) башкарууну борборлоштурууну кыскартуу; 2) жаңы административдик чек араларды анын факторлору менен байланыштырып, экономикалык өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруу; 3) жаңы административдик-аймактык бирдиктерге ылайык социалдык өнүгүү маселелерин чечүү;

**Колдонуу боюнча сунуштар.**

Илимий изилдөөнүн материалдары жана корутундулары Кыргызстандын коомдук-саясий тарыхын, административдик аймактык түзүлүшүнүн, башкаруу системасынын тарыхын толуктоодо жана илимий иштерди жазууда жардам берет.

**Колдонуу чөйрөсү.** Диссертациянын материалдарында камтылган илимий жоболор, көз караштар жана изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын тарыхын окутууда колдонулушу мүмкүн. Мындан тышкары, диссертациялык иштин маалыматтары учурдагы Кыргыз Республикасында административдик түзүлүштү реформалоо жолунда бир катар аспектилерди эске алуу үчүн колдонмо катары колдонулушу мүмкүн.

Wondershare PDFelement

## РЕЗЮМЕ

**диссертационной работы Курманалиева Кубатбека Амановича на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02 – отечественная история на тему “«Административно-территориальное устройство Кыргызстана в начале 20 века»**

**Ключевые слова:** Чрезвычайные органы, административно-экономическое районирование, двуокружное административное деление, кочевые и европейские (оседлые) волости, кантонно-волостная система управления, трехстепенный принцип деления, природно-географические факторы.

**Объект исследования:** административно-территориальное устройство Кыргызстана в начале XX века.

**Предмет исследования:** изменения, произведенные властями в административно-территориальном устройстве Кыргызстана за указанный период, и их результаты.

**Цель работы:** осуществление комплексного анализа административно-территориального устройства Кыргызстана в период становления национальной государственности в первые годы советской эпохи.

**Методологическую основу исследования** создали принципы научной объективности и историзма. На всех этапах исследования использовались общие методы анализа и синтеза, индукции и дедукции, историко-

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

сравнительный, историко-генетический, хронологический методы в зависимости от объекта научного исследования.

**Научная новизна исследования:**

- на основе ранее опубликованных работ, новых архивных данных уточнено территориальное устройство Кыргызстана в составе Туркестанской АССР;

- уточнены процессы и этапы формирования административно-территориального устройства Кара-Кыргызской автономной области;

- определены причины столь частых изменений административно-территориального устройства Кыргызстана в исследуемый период.

- часть архивных документов, связанных с административно-территориальным устройством Кыргызстана в 20-30-х годах XX века, впервые изучена на уровне научной диссертации и включена в научный оборот;

- в ходе исследования темы диссертации были установлены следующие принципиальные положения, касающиеся фомирования административно-территориального деления в Кыргызстане рассматриваемого периода: 1) снижение централизации государственного управления; 2) ориентация на особенности экономического развития, привязка новых административных границ к его факторам; 3) решение задач социального развития в соответствии с новыми административно-территориальными единицами.

**Область применения.** Научные принципы, взгляды и результаты исследований, содержащиеся в материалах диссертации, могут быть использованы при преподавании истории Кыргызстана. Кроме того, данные диссертационной работы могут быть использованы как руководство для учета ряда аспектов на пути реформирования административной структуры в современной Кыргызской Республике.


## SUMMARY

**dissertation work by Kubatbek Amanovich Kurmanaliev for the academic degree of Candidate of Historical Sciences in the specialty 07.00.02 - national history on the topic "The administrative-territorial structure of Kyrgyzstan at the beginning of the 20th century"**

**Key words:** Extraordinary bodies, administrative and economic zoning, two-district administrative division, nomadic and European (sedentary) volosts, canton-volost management system, three-degree principle of division, natural and geographical factors.

**Object of study:** administrative-territorial structure of Kyrgyzstan at the beginning of the twentieth century.

**Subject of the study:** changes made by the authorities in the administrative-territorial structure of Kyrgyzstan for the specified period, and their results.

**Purpose of the work:** to carry out a comprehensive analysis of the administrative-territorial structure of Kyrgyzstan during the formation of national statehood in the first years of the Soviet era.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

**The methodological basis** of the study was created by the principles of scientific objectivity and historicism. At all stages of the research, general methods of analysis and synthesis, induction and deduction, historical-comparative, historical-genetic, chronological methods were used, depending on the object of scientific research.

**Scientific novelty of the research:**

**-** on the basis of previously published works and new archival data, the territorial structure of Kyrgyzstan as part of the Turkestan Autonomous Soviet Socialist Republic was clarified;

- the processes and stages of formation of the administrative-territorial structure of the Kara-Kyrgyz Autonomous Region were clarified;

- the reasons for such frequent changes in the administrative-territorial structure of Kyrgyzstan during the period under study were determined.

- part of the archival documents related to the administrative-territorial structure of Kyrgyzstan in the 20-30s of the twentieth century was studied for the first time at the level of a scientific dissertation and included in scientific circulation;

- in the course of researching the topic of the dissertation, the following fundamental provisions were established regarding the formation of the administrative-territorial division in Kyrgyzstan during the period under review: 1) reducing the centralization of public administration; 2) focus on the features of economic development, linking new administrative boundaries to its factors; 3) solving problems of social development in accordance with new administrative-territorial units.

**Application area.** The scientific principles, views and research results contained in the dissertation materials can be used when teaching the history of Kyrgyzstan. In addition, the data from the dissertation work can be used as a guide to take into account a number of aspects towards reforming the administrative structure in the modern Kyrgyz Republic.

Wondershare PDFelement